**Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**

**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплекси**

**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**Окумуштуулар кеңешинде**
**каралып, бекитүүгө сунушталган**
**Протокол №_1_**
**“_1_”___09___2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**ректору, т.и.д., профессор**
**К.Ж.Усенов ________**
**“_11_”___09___2025-ж.**

# Модулдарды, сынактарды алуу үчүн тесттик тапшырмаларды түзүү боюнча жобо

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 1-сентябрындагы №1-протоколу менен өзгөртүү ,толуктоолор киргизилди.

**Жалал-Абад 2025**

**1.Жалпы жоболор:**

**1.1**.КРнын Министрлер Кабинетинин 2024 -жылдын 24-сентябрындагы, № 590 жана 2025-жылдын 10-июнундагы №329 токтомдоруна ылайык, ЖАМУнун "Билим алуучулардын жетишкендиктерин баалоонун модулдук-рейтингдик системасы жөнүндөгү" жобосуна "ЖАМУнун студенттерин учурдагы текшерүү жана орто аралык аттестацияны жүргүзүү жөнүндөгү" жобосунуна, "ЖАМУнун студенттеринин билимин компьютердик тестирлөө аркылуу текшерүү жөнүндөгү жобосуна" "Студенттердин өз алдынча иштерин аткаруу" жобосуна,таянып, "Модулдарды, сынактарды алуу үчүн тесттик тапшырмаларды түзүү "жобосуна өзгөртүүлөр,толуктоолор киргизилди.

**1.2. "Модулдарды, сынактарды алуу үчүн тесттик тапшырмаларды түзүү "** боюнча жобо тесттерди түзүү эрежелерин, тесттик тапшырмалардын сапатын жакшыртууну, тесттин сапатына жооп берген тараптардын милдеттерин, тесттик тапшырмаларды **AVN** порталына жүктөөдөгү жол жоболорду жана тесттик тапшырмаларды түзүүдөгү жана бекитүүдөгү жооптулардын иш аракетин камсыздайт.

Студенттердин билимин баалоодогу компьютердик тестирлөө жобого ылайык **AVN** программасында жүргүзөт.

**1.3. Тестирлөө студенттердин билим деңгээлин баалоонун эң кеңири жайылган, натыйжалуу усулу. Анын өзгөчөлүгү төмөнкүлөр:**
-обьективдүүлүгү
-тез, оперативдүү ишке ашуусу
-жөнөкөй жана жеткиликтүүлүгү
-баалоонун статистикалык усулун колдонуу менен комьютерде иштелип чыгып, жыйынтыгынын катталышы
-Жалпы студенттердин өз алдынча иштерининин жыйынтыгын аныктаса болот

**1.4. Тесттик тапшырмалар түзгөндө төмөндөгү принциптерди сакталат.**
**-Валиддүүлүгү** (ченелген билим билгичтиктин дал келүүсү)
**-Татаалдыгы** (жооп табууда интелектуалдуу кыйналуу болот)
**-Ишенимдүүлүгү**-студенттин билим деңгээлинин туура жана адекваттуу чагылышы
**-Туруктуулугу**-сынакка кирген түрдүү тайпалар үчүн бирдей маанилүүлүгү
**- Репрезентативдүүлүгү**-окуу материалын толук камтышы
**-Маанилилүүгү**-тесттик тапшырмалардын актуалдуу болушу
**-Жеткиликтүүлүгү**-окутуу методикасы жана учурдагы илимдин жетишкендиктеринин окуу материалына дал келүүсү

**1.5. Бардык дициплиналар боюнча тесттик тапшырмалар суроолордун өңүтүнө карап, 3 деңгээлде түзүлөт.**
**1-деңгээл-баштапкы жана операциялык деңгээлдеги тесттик тапшырмалар.**
**Баштапкы** тест түзүүдө (алар билимдин деңгээлинин биринчи "фактылык" деңгээлине дал келишет), анын маңызы негизинен фактылардан турган "билимдердин фондун" топтоодо жатат.
**Опрециялык деңгээл.** Ал даяр үлгү боюнча логикалык операцияларды жүзөгө ашыруу билгичтиктердин негизин жана жеке системалык ассоциациялардын жаралышын, ошондой эле, бир бөлүм же бир бөлүмчөнүн алкагында өздөштүрүлгөн билимдердин ортосундагы байланыштардын болушу менен мүнөздөлөт.
**2-деңгээл-аналитикалык-синтетикалык деңгээлдеги тесттик тапшырмалар.**
**Аналитикалык-синтетикалык** деңгээлдеги тесттик тапшырмаларды түзүүдө студенттер туруктуу билимдерди жалпылоо, дифференциялоо, мурда өздөштүрүлгөн билимдерди жаңы билимдер менен байланыштыруу, теманы, бөлүмдүн башкы идеяларын, негизги

жоболорун бөлүп көрсөтүү, ар кандай байланыштарды ачуу жана аналогияларды жүргүзүү билгичтерин көрсөтүшөт.
3-**деңгээл-баалоочу жана чыгармачыл деңгээлдеги тесттик тапшырмалар**
Чыгармачыл деңгээлдеги тест түзүүдө билимдерди жаңы жагдайларга алып өтүүнү, таанып билүүчүлүк жана практикалык аракеттердин стандарттуу эмес алгоритмдерин түзүүнү талап кылат.

**2.Тесттик тапшырмаларды түзүү**
**Тест-**студенттердин даярдыгын текшерүүдө, тесттик тапшырмалардан жана арасында туура жообу бар жооптордон турат.
**2.1. Тесттик тапшырмалар** болушунча кыска, түшүнүктүү, ой жүгүртүп таба турган, болжолдой алган, студентке тааныш материалдардан түзүлүп, окуганда мурунку өткөндөрдү эстей ала турган таризде түзүлөт.
**2.2. Ар бир тесттик тапшырманын** баалоо эрежеси (туура жообун белгиле, дал келтир, ыраттуулугун аныкта, туура эмес жообун тап, ж.б.), коюлган суроолору (кандай? эмне үчүн? кантип? качан? эмне? ким? ж.б.), төрттөн кем эмес жооптору (анын ичинен бирөө туура) болот. Ар бир тесттик тапшырманы аткарууга 2-3 мүнөт убакыт кетет.
**2.3. Ар бир дисциплина боюнча түзүлгөн тесттер 5 форманы камтыйт:**
- жабык тесттик тапшырмалар
- ачык тесттик тапшырмалар
- дал келүүчүлүктү аныктаган тапшырмалар
- ыраатуулукту аныктоочу тапшырмалар
- сүрөттөрдү, грфикалык уюштурууларды камтыган тапшырмалар
**2.4.Тесттин жоопторун жазганда төмөндөгү талаптар аткарылат.**
-Жооптор өтө узун болбойт. Бардык жооптордо бирдей сөздөр же бирдей сөз айкашы колдонулбайт
- Бардык жоопторду мааниси окшош болот, бирок, бирөө туура болот
- Жоопторду көлөмүнүн бардыгы бирдей болот, туура жообу айырмаланбайт
- Жоопто студентке тааныш эмес терминдер колдонулбайт
- Тесттик тапшырмалардын жоопторун жазып жатканда "**бардыгы туура", "бардыгы туура эмес", "билбейм", "ооба", "жок"** деген сөздөр колдонулбайт. Мындай жазуу студент туура жообун оңой табууга алып келет.
-Түзүлгөн суроолор 9-12 сөздөн ашпайт, өтө узун суроо студенттерге түшүнүксүз болот жана окуп, түшүнүш үчүн убакытты көп талап кылат.
- **AVN** порталындагы бир предметтен тесттик тапшырманы аткаруу үчүн студентке 30мүнөт берилет, ал эми кээ бир предметтердин татаалдык деңгээлине жараша, окутуучунун талабы менен убакыт узартылышы мүмкүн.

**3. Тесттик тапшырмаларды түзүүдө предметтик окутуучунун жоопкерчилиги:**
**3.1.** Дисциплина боюнча тесттик тапшырмаларды түзүү предметтик окутуучуга жүктөлөт, аталган жободогу талаптарды аткарып, тесттик тапшырмаларды сапаттуу түзүүгө милдеттенет.
**3.2.** Тесттик тапшырмаларды түзүүдө жумушчу программадагы окуу материалы жана студенттин өз алдынча иши үчүн материал толугу менен камтылат.
**3.3.** Тесттик тапшырмалардын деңгээлине карай **жеңил, орто, татаал** суроолордон турган жана **студенттердин өз алдынча ишин камтыган** тесттер түзүлөт. Окуу планындагы дисциплиналарга тиешелүү кредиттерге жараша тесттик тапшырмалардын саны аныкталат.
**3.4 AVN** порталында билим деңгээлин текшерүү (контроль знаний) деген бөлүгүнө окутуучу жообу жок тесттик тапшырмаларды киргизүүгө милдеттүү.
**3.5.** Модулдарга тесттик тапшырма түзүп жатканда **жеңил, орто, татаал тесттик** тапшырмалардын ичиндеги **б**ир суроо экинчи жолу кайталанбайт,бири бирине

көчүрүлбөйт. Ал эми биринчи модулдун тесттик тапшырмаларын экинчи модулда кайталоого болбойт.
**3.6.** Окутуучу өзү түзгөн тесттин **AVN** порталындагы **37-программага** киргизет, тест борборуна алып барып тапшырат.
**3.7.** Эгерде бир предметтен бир нече окутуучу сабак берсе, жумушчу программасы бирдей болсо ошол предметтен тесттик тапшырмаларды чогулуп түзүп, **AVN** порталына бир тесттик тапшырма жүктөсө болот.

**4. Тесттик тапшырмалардын сапатын кароо тартиби**

**4.1.** Тесттик тапшырмалардын сапатына түзгөн окутуучу, адис чыгарган кафедра башчысы, колледждерде ПЦК башчысы түздөн түз жооптуу болот.
**4.2.** Окутуучу тарабынан түзүлгөн тесттик тапшырманы кафедра башчысы же ПЦК башчысы сын пикирге (рецензияга) берет
**4.3.** Оң сын пикир (рецензия) алган тесттик тапшырмаларды кафедра же ПЦК башчы кафедранын же ПЦКнын жыйынында карап, жумушчу программага дал келгендигин аныктап, жактырылгандыгы тууралуу протокол жазып, институттун же колледждин усулдук кеңешине сунуштайт. Усулдук кеңеш карап бекиткенден кийин **AVN** порталына жүктөөгө уруксат берилет.
**4.4.** Тесттик тапшырмалар модуль башталганга чейин 15 күн мурун кафедранын же ПЦКнын жыйынында каралат, 10 күн калганда тест борборуна тапшырылат.
**4.5.** Түзгөн тесттерин **AVN порталга жүктөө максатында** тест борборуна алып барганда кафедранын же ПЦКнын тесттин талапка жооп бергендиги тууралуу чечимин, рецензияны кошо алып барганга милдетүү, бир нече предметтерден түзүлгөн тесттер бир чечимде болушу мүмкүн.

**5.Тесттик тапшырмаларды AVN порталына жүктөөдөгү талаптар**
**5.1.** Окутуучу өзүнүн тесттик тапшырмаларын "**ТБ"** бөлүмүнө алып барганда электрондук формада тапшырат, атайын түзүлгөн журналга тапшыргандыгы жөнүндө кол коёт, кафедранын же ПЦКнын кол коюлган чечимин көрсөтөт.
**5.2.** "**ТБ"** бөлүмүнүн тиешелүү адиси тесттик тапшырмаладрды кабыл алып жатканда төмөндөгүлөргө көңүл бурат:
- тестте ашыкча белгилердин коюлбагандыгына
- кыргызча вариантында **KY** же **Times New Roman** ширифинде жазылуусу
- эгерде тесттик тапшырмалар сүрөттөр менен коштолсо **AVN** порталындагы 37-программанын талаптарыны толук аткарылышына
- **AVN** порталындагы 37-программага толук киргизгенине, жоопторунун толуктугуна ж.б.

**6. Тесттик тапшырмалардын саны боюнча талаптар.**

**6.1.** Дисциплиналар боюнча модуль тапшыруу үчүн түзүлгөн тесттер окуу планындагы кредиттин санына жараша экзамен үчүн жана зачет үчүн болуп бөлүнөт.Модуль тапшыруу учурунда окуу планындагы студенттердин өз алдынча иштери дагы тесттик тапшырмалар түрүндө тапшырылат
**6.2.** Экзамендер билимдин жана окутуунун сапатын орто аралык контролдоонун негизги формаларынын бири болуп саналат жана билим алуучунун семестр ичиндеги ишин, теориялык билимдерди өздөштүрүү даражасын баалоо, өз алдынча иштөө көндүмдөрүн, алган билимдерин синтездөө жана аларды практикалык, кесиптик маселелерди чечүүдөө колдонуу жөндөмүн текшерүү максатын көздөйт
**6.3**. Эгерде дисциплинада 1, 2 кредит саат болсо, анда бардыгы болуп 180 суроодон кем эмес, анын ичинен 90 суроо учурдагы текшерүү жана 90 суроо студенттин өз алдынча иши үчүн;

Эгерде дисциплинада 3,4,5,6 же андан көп кредит саат болсо, анда бардыгы 270 суроодон кем эмес болуп, анын ичинен 135 суроодон кем эмеси учурдагы текшерүү жана 135 суроодон кем эмеси студенттин өз алдынча иши үчүн түзүлөт;

**Отчеттуулугу экзамен болгон дисциплиналар үчүн:**

| Кредиттин саны | Тесттик тапшырмалардын саны | | | Тесттик тапшырмалардын даражасы жана өз алдынча иштин берилиши, саны | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Жалпы** | **Аралык текшерүү** | **Өз алд. ишке** | **М1. Жеңил** | **М1. Орто** | **М1. Татаал** | **М1. ӨАИ** | **М2. Жеңил** | **М2. Орто** | **М2. Татаал** | **М2. ӨАИ** |
| 1 ж-а 2 | **180** | **90** | **90** | *15* | *15* | *15* | *45* | *15* | *15* | *15* | *45* |
| 3, 4, 5, 6 же андан көп | **270** | **135** | **135** | *23* | *23* | *22* | *68* | *23* | *22* | *22* | *67* |

**6.4.** Дисциплина боюнча экзамен жок болгон учурда **өтүм (зачеттор)** билим алуучунун теориялык билимин баалоонун формасы болуп саналат, ошондой эле билим алуучунун лабораториялык жана эсептик-графикалык иштерди, курстук долбоорлорду (иштерди), пркактикалык жана семинардык сабактарды жана окуу сабактарынын башка түрлөрүн аткаруусун текшерүү формасын катары кызмат кылат.

**Отчеттуулук формасы өтүм (зачет ) болгон дисциплиналар үчүн:**

| Кредиттин саны | Тесттик тапшырмалардын саны | | | Тесттик тапшырмалардын даражасы жана өз алдынча иштин берилиши, саны | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Жалпы** | **Аралык текшерүү** | **Өз алд. ишке** | **М1. Жеңил** | **М1. Орто** | **М1. Татаал** | **М1. ӨАИ** |
| 1 ж-а 2 | **180** | **90** | **90** | *30* | *30* | *30* | *90* |
| 3,4,5,6 дан көп болсо | **270** | **135** | **135** | *46* | *45* | *44* | *135* |

**Колледжде 9 база (1 курсстар) боюнча окутулган дисциплиналар үчүн төмөнкү тартипте тесттик тапшырмалар түзүлөт:**

| **20-40 сааттык предметтен** | **60 сааттык предметтен** | **80 сааттык предметтен** | **100 сааттык предметтен** | **120 сааттан жогору предметтен** |
|---|---|---|---|---|
| 100 | 120 | 140 | 160 | 180 |

***Колледждерде AVN порталында модуль алуу үчүн бир предметтен 20 суроо кирет***

**7. Компьютердик тестирлөөнү тапшыруунун эрежелери.**

**7.**1. Модулдар, экзамендер,зачеттор тапшырылуудан мурун институт, колледждер тарабынан студенттеридин тапшыруу мөөнөтү көрсөтүлүү менен атайын график түзүлөт, окуу бөлүмү менен макулдашылып академиялык саясат департаменти тарабынан бекитилет.

**7.2.** Компьютердик тестирлөө графикте коюлган тиешелүү компьютердик класстарда өткөрүлөт, ар бир класска окутуучулардан график боюнча байкоочулар коюлат, ар бир группанын өзүнүн каттоо барагы толтурулат.

**7.3.** Дисциплиналардын өзгөчөлүгүнө жараша тапшыруу мөөнөтү аныкталат, жалпы ар бир дисциплинага 30 мүнөт, ал эми математика, физика, информатика, химия ж.б.у.с. эсеп чыгарууну талап кылган дисциплиналарга 1 сааттан убакыт берилет. Студентке модуль, экзамен, зачет тапшырууда 30 суроо берилет.

**Иштеп чыккандар:**
Алибаев А.П.
Жолонбаева А.Ж
Турдубаева Б.М.
Термечикова А.М